**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИ**

**“БЕКИТЕМИН”**

**КИУ ректору А.И. Нарматов**

**______________________________**

**“09” сентябрь 2022 ж.**

**2021-2022-окуу жылы үчүн Кыргызстан Ислам университетинин профессордук-окутуучулар курамынын окуу-аудиториялык, окуу-усулдук, окуу тарбиялык жана окуу-илимий иштеринин көлөмүн эсептөө үчүн**

# УБАКЫТ ЧЕНЕМДЕРИ

**Бишкек 2021**

**ОКУУ ЖҮКТӨМДӨРҮНҮН жана УБАКЫТ ЧЕНЕМДЕРИНИН**

**ЖОБОСУНУН**

**алгачкы версиясы КИУ Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 10-октябрындагы №1/17 жыйынында кабыл алынган.**

Окуу жүктөмдөрү жана Убакыт ченемдери жыл сайын Окумуштуулар кеңешинин жыйынында кайра каралат, өзгөртүүлөр киргизилет жана бекитүүгө сунушталат

**"МАКУЛДАШЫЛДЫ"**

Окумуштуулар кеңешинин №________

"____" _______________ 20__________ ж.

протокол чечими менен.

Окуу-усулдук кеңешинин төрагасы:

Матраимов А.Н. _________________

Төраганын орун басары:

________________________________

Катчы:

________________________________

**МАЗМУНУ**

**1.ЖАЛПЫ ЖОБО......................................................................................................3**
**2.НЕГИЗГИ ИШТЕРДИН ТҮРЛӨРҮ БОЮНЧА УБАКЫТ ЧЕНЕМДЕРИ ..................5**
**3.КОЛДОНУЛГАН БИБЛИОГРАФИЯЛЫК БУЛАКТАР ...............................................7**

# 1.ЖАЛПЫ ЖОБО

Кыргызстан ислам университетинин профессордук-окутуучулар курамынын окуу, окуу-усулдук жана тарбиялык иштери боюнча сунушталып жаткан **окуу жүктөмдөр,** профессордук-окутуучулар курамынын иштерин туура, так жана натыйжалуулугун арттырууга багытталган. Окуу жана илимий изилдөө пландарынын негизинде түзүлгөн штаттык жүгүртмө боюнча ээлеген кызматы эске алынып, болжолдуу 6 сааттык жумушчу күн бекитилген.

**Окуу иштерине төмөнкү иш чаралар кирет**: лекция окуу, практикалык, семинардык иштерди өткөрүү, модулдук-рейтингдик технологиялык окууда кеңештерди (консультация) берүү, билимдин сапатын текшерүү, студенттердин күндөлүк, аралык жана жыйынтык текшерүү иштерин өткөрүү, модулдарды кабыл алуу, такшалмаларды өткөрүүгө жетекчилик кылуу (окуу-таанышуу, өндүрүштүк, квалификация алдындагы ж.б.) жеке сабактарды өткөрүү, квалификациялык иштерге жетекчилик кылуу, мамлекеттик сынактарды өткөрүү.

**Окуу-усулдук иштерине төмөнкү иш чаралар кирет:** предметтердин лекцияларын иштеп чыгуу жана оңдоо, сабактарды жана керектүү окуу-усулдук маалыматтардын башка түрлөрүн, практикалык жана семинардык сабактарды, такшалмаларды өткөрүүнү даярдоо, экзамендик билеттерди түзүү, илимий усулдук материалдардын жаңы окутуу формасын иштеп чыгуу, өзүнүн квалификациясын жогорулатуу үстүндө иштөө, иштелген программаларды (окуу программасы, жумушчу программа) кароо, өз ара сабактарга катышуу, студенттердин илимий-усулдук иштерин жетектөө.

**Илимий изилдөө иштерине төмөнкү иш чаралар кирет:** кандидаттык жана докторлук диссертацияларды жазуу, окуу куралдарын, окуу-усулдук колдонмолорду даярдоо жана басып чыгаруу, редколлегиялык журналдарды иштөө. Студенттердин илимий изилдөө иштерин жетектөө, окуу-куралдарын, окуу-усулдук ж.б. адабияттарды которуу иштерин уюштуруу, илимий-изилдөөлөрдү уюштуруу жана аткаруу.

**Уюштуруу-усулдук иштерине төмөнкү иш чаралар кирет:** кесипке багыттоо иштерин жүргүзүү, кафедранын отурумуна катышуу, Университеттин кеңештерине катышуу, спорттук, окуудан тышкаркы ж.б. коомдук уюштуруу иштерине катышуу.

**Тарбиялык иштерине төмөнкү иш чаралар кирет:** коомдук-маданий, жеке иштерди аңгемелешүү, адистик тайпаларды жетектөө (кураторлук), тарбиялык маанидеги студенттик жыйындарды даярдоо жана өткөрүү.

Университеттин негизги кызмат ордундагы окутуучулардын (толук ченинде иштеген жана эмгек китепчеси кадрлар бөлүмүндө болгон окутуучу) окуу жүктөмү 1,50 ченинен ашпоосуна көңүл буруу керек. **Эгерде негизги кызмат ордундагы окутуучу** – сабактарын волонтерлук аркылуу кызмат өтөп жаткан окутуучу менен бөлүшсө анда окуу жүктөмү факт түрүндө эсептелип көрсөтүлөт.

Университеттин административдик башкаруучу курамындагы кызматкерлер, окуу жайдын ичиндеги айкалыштыруулларга – 0,5 ставкадан (*кээ бир учурларда ОУКтун сунушу жана Ректордун чечими менен 0.75 ченге чейин саат алууга уруксат берилет*), ал эми тышкы айкалыштырууларга – 0,75 ставкадан ашык окуу жүктөмү берилбейт.

Негизги кызмат ордундагы окутуучунун жалпы жылдык ишинин көлөмү болжолдуу 1,50*850=1275 сааттан ашпоого тийиш. Бирок окутуучу, студенттердин контингентине жараша *(которуу, кабыл алуу жана калыбына келтирүү)* ошондой эле сабактарды үзгүлтүккө учуратпоо *(форсмажордук абалдарда мисалы ордуна волонтер табылганга же жаңы окутуучу алынганга чейин)* максатында 1.75*850=1487,5 саатка чейин жүктөм алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Профессордук-окутуучулар курамы баардык окуу, усулдук, илимий-изилдөө жана башка иштерди жылына түзүлүүчү окутуучулардын жеке планынын негизинде аткарат.

Негизги орундагы окутуучулардын окуу иштери жалпы жылдык жүктөмдүн 50-60% пайызын түзүшү керек.

| **Кызматы** | | **Окуу иштеринин жалпы көлөмү (саат)** | **Анын ичинде лекциялар (саат)** |
|---|---|---|---|
| Декандар | Профессор | 720 | 150 |
| | Доцент | 740 | 130 |
| | Ph.D | 780 | 120 |
| Кафедра башчылары | Профессор | 730 | 150 |
| | Доцент | 750 | 130 |
| | Доценттин м.а. | 780 | 120 |
| Профессор | | 750 | 150 |
| Доцент | | 770 | 150 |
| Улук окутуучу (илимий даражасы менен) | | 810 | 150 |
| Доценттин м.а. (илимий даражасыз) | | 830 | 80 |
| Улук окутуучу (магистр даражасы менен) | | 850 | 80 |
| Магистр (окутуучу) | | 870 | 80 |
| Билим берүү программасынын лицензиялоонун укуктук контролдук-нормативдик талабынын негизинде | | Студенттердин контингентин эсептөөдө бир окутуучуга 1:12 коэфиценти сакталышы керек | Бюджеттик окутуу өз алдынча контрактык окутуу өз алдынча эсептелет |

Бир кредит 30 саатка барабар. Анын 55% лекцияга, 45% семинардык сабактар үчүн бөлүнөт.

## 2.НЕГИЗГИ ИШТЕРДИН ТҮРЛӨРҮ БОЮНЧА УБАКЫТ ЧЕНЕМДЕРИ

| № | Окутуучулардын иштеринин түрлөрү | Окутуучунун окуу жүктөмдөрүн Эсептөөнүн убакыт ченемдери | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| I | II | III | IV |
| **1. ОКУУ-АУДИТОРИЯЛЫК ИШТЕРИ** | | | |
| 1.1. | Лекцияларды окуу | Бир академиялык саат 40 минутага барабар | Бир лекциялык агымга (поток) |
| 1.2. | Практикалык жана семинардык сабактарды жүргүзүү | Бир академиялык саат 40 минутага барабар | Тайпаларды эки топко бөлуп окутуу кыргыз, орус, чет тилдери боюнча практикалык сабактарды өтүп жатканда, тайпаларда 10до кем эмес студент болгон учурда гана уруксат берилет |
| 1.3. | Студенттин өздүк ишин жетектөө | 25%га чейин | Мүмкүнчүлүккө жараша (ректордун буйругу менен аныкталат) |
| 1.4. | Сабактан тышкаркы ийримдерди уюштуруу жана аткаруу | Бир жылга 100 саатка чейин | Бардык курстар үчүн |
| 1.5. | Билимдин сапатын текшерүү | Студенттин билим сапатын текшерүүгө 10 саатка чейин | Бир дисциплинага бир семестр үчүн 10 сааттан ашпоо керек |
| 1.6. | Такшалмалардын отчетторун текшерүү жана кабыл алуу | Бир жумушчу күнгө бир тайпага 6 саат | Командировкага чыккан жана чыкпаган учурда |
| 1.7. | Квалификацияга чейинки практиканы жетектөө | Бир жумушчу күнгө бир тайпана 6 саат | Окутуучунун жалпы окуу жүктөмүнөн пракатикаларга жетекчилик кылуу 25% ашпоо керек |
| 1.8. | Обзордук лекцияларды өткөрүү | Мамлекеттик аттестацияга таандык ар бир сабакка 2 саат | Бирок, бир экзаменге 10 сааттан ашпоо керек |
| 1.9. | Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын ишине катышуу | МАКтын төрагасына жана мүчөлөрүнүн бир күндүк ишине 6 саат | Дипломдук иштерди коргоо чакан топто ишке ашырылат (студенттердин саны 15 ден кем эмес) |
| 1.10. | Квалификациялык ишке жетекчилик кылуу: | | Дипломдук ишке жетекчилик кылууга |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | -Дипломдук иш<br>-Сын пикир | -Бир ишке 15 саат<br>-Бир ишке 2 саат | илимий даражасы жана наамы бар окутуучулар бекитилет, саны 10дон ашпоого тийиш |
| **2. ОКУУ-УСУЛДУК ИШТЕРИ** | | | |
| 2.1. | Жаңы курстар боюнча лекцияларды иштеп чыгуу | 1 долбоорго 10 академиялык саатка чейин | Милдеттүү түрдө (ректордун буйругу менен аныкталат) |
| 2.2. | СӨИ боюнча усулдук көрсөтмө иштеп чыгуу (силлабус) | 1 долбоорго 15 саатка чейин | Милдеттүү түрдө (ректордун буйругу менен аныкталат) |
| 2.3. | Жаңы курс боюнча окуу-усулдук комплекстерди иштеп чыгуу (ОУК) | 1 долбоорго 15 саатка чейин | Милдеттүү түрдө (ректордун буйругу менен аныкталат) |
| 2.4. | Жаңы усулдук көрсөтмөлөрдү түзүү: Практикалык (семинардык) иштер Лабораториялык иштенр | 1 көрсөтмөгө 5 саатка чейин 1 көрсөтмөгө 20 саатка чейин | Ректордун буйругу менен аныкталат |
| 2.5. | Жаңы ыкмаларды жана педагогикалык технологияларды пайдаланууда жаңы методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу | 1 долбоорго 50 саатка чейин | Ректордун буйругу менен аныкталат |
| 2.6. | Сценарийдик пландардын, видео жана аудио каражаттарына жазуу иштерин жүргүзүү | 1 Сценарийдик план 100 саатка чейин | Ректордун буйругу менен аныкталат |
| 2.7. | Окуу курсу боюнча окуу фильмин жаратуу процессиндеги усулдук кеңешме | 1 долбоорго 50 саатка чейин | Ректордун буйругу менен аныкталат |
| **3. УЮШТУРУУ-УСУЛДУК ИШТЕРИ** | | | |
| 3.1. | Университетке жаштарды тартуу максатында кесипкке багыт берүү иштери | 30 саат ка чейин | Университеттин (кафедранын) планынын негизинде |
| **4. ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ** | | | |
| 4.1. | Окуу куралдарын, колдонмолоруду, монографияларды жана макалаларды басып чыгаруу | 50 саатка чейин | КР ББж-аИМ талаптарынын негизинде жана отчеттун негизинде (ректордун буйругу менен аныкталат) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.2. | Студенттердин окуу-изилдөөчүлүк жана илимий-изилдөөчүлүк иштерин жетектөө | 5 студентке 10 саатка чейин | Отчеттун негизинде (ректордун буйругу менен аныкталат) |
| 4.3. | Редакциялык коллегиялардагы, кеңештердеги иштери | 10 саатка чейин | Отчеттун негизинде (ректордун буйругу менен аныкталат) |
| 4.4. | Атайын кеңштерди, илимий техникалык комиссиянын иштери | 20 саатка чейин Отчеттун негизинде | Отчеттун негизинде (ректордун буйругу менен аныкталат) |
| 4.5. | Университеттин тапшырмасы менен илимий-изилдөөнүн башка түрлөрү | Университеттин чечими менен 50 саатка чейин | Иштин конкретүү аталышы жана отчету талап кылынат. |
| **5. ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР** | | | |
| 5.1. | Окуу тайпасынын кураторлук иштери | Бир жылга 50-68 саат аралыгында | 1-курстар – 68 саатка чейин;<br>2-4-курстар үчүн 50 саат |
| 5.2. | Тарбия иштери боюнча проректору же/жана тарбия иштери боюнча жооптуу кызматкер тарабынан айтылган иштерге катышуу | Университеттин чечими менен | Бардык курстар |

# 3.КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Закон Кыргызской Республики “Об образовании” (№ 92 от 30.04.03) /Сборник нормативно-правовых актов в области образования КР. Выпуск 1. Бишкек: Просвещение, 2004.-С.13-56.

2. Поставление Правительства КР № 549 от 01.08.06 “Об утверждении продолжительности рабочего времени педагогических работников образовательных организаций // Нормативные акты КР. № 37. 2006. – С.40-42.

3. Поставление Правительства КР № 18 от 19.01.2011 “О введение новые условия оплаты труда работников образовательных организаций”.

4. Поставление Правительства КР № 346 от 29.05.2012. “Об утверждении нормативных правовых актов, регулирующих деятельность образовательных организаций высшего и среднего профессионального образования Кыргызской Республики.

5. Приказ МОиН КР № 1578/1 от 21.09.2021 “Об утверждении государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования” КР.